*Долбоор*

Тиркеме 1
Кыргыз Республикасынын
Агартуу министрлигинин
буйругу менен бекитилген

**«Сабат-6» окуу сабаттуулугун баалоо боюнча Улуттук программасы жөнүндө Жобо**

## I. Жалпы жоболор

1. «Сабат-6» окуу сабаттуулугун баалоо боюнча Улуттук программасы жөнүндө ушул Жобо (мындан ары – Жобо) 12 жылдык жалпы билим берүү тутумунун шартында жалпы билим берүү уюмдарынын 6-класстарынын окуучуларынын окуу сабаттуулугуна мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн максаттарын, милдеттерин, принциптерин, уюштуруу жана өткөрүү механизмдерин, каржылоо булактарын, ошондой эле мониторингдин натыйжаларын колдонуу тартибин аныктайт.

2. Ушул Жобо билим берүүнүн сапатына мониторинг жана баалоо жүргүзүү чөйрөсүндөгү жана катышуучулар (жеке адамдар) жөнүндө маалыматтарды иштеп чыгууда жеке маалыматтарды коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын колдонуудагы укуктук жана ченемдик актыларына ылайык локалдык ченемдик акты болуп саналат.

3. «Сабат-6» окуу сабаттуулугун баалоо боюнча Улуттук программа (мындан ары – Программа) Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 6-класстарынын окуучуларынын окуу сабаттуулугуна комплекстүү тышкы мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн ченемдик укуктук негиз болуп саналат. Бул программа Мамлекеттик жана предметтик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окуу сабаттуулугун калыптандыруу бөлүгүндө билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн натыйжалары жөнүндө объективдүү маалымат алууга багытталган.

4. Билим алуучулардын окуу сабаттуулугуна мониторинг жүргүзүү Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү маселелери боюнча» 2024-жылдын 13-сентябрындагы № 568 токтомунун, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген “Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдарга өнүктүрүү боюнча улуттук стратегиясынын”, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө 2025-жылдын 14-мартындагы № 131 токтомунун, Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2025-жылдын 21-февралындагы № 196/1 буйругунун алкагында ишке ашырылат.

## II. Негизги түшүнүктөр жана аныктамалар

5. Бул Жободо колдонулган түшүнүктөр жана аныктамалар:

1) тышкы баалоо – жалпы билим берүү уюмуна көз карандысыз, белгилүү бир регламенттештирилген баалоо процедуралары менен баалоо ишин жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу кызмат тарабынан ишке ашырылуучу өлчөө процесси;

2) тандалма мониторинг – маалыматтарды топтоо жалпы жамааттын (6-класстын бардык окуучуларынын) белгилүү бир бөлүгүнөн (репрезентативдүү өкүлдүк үлгү) жүргүзүлүүчү баалоо ыкмасы, ал жалпылоолордун ишенимдүүлүгүн камсыз кылат.

3) мамлекеттик билим берүү стандарты – окутуунун максаттарын жана натыйжаларын аныктоочу билим берүү программасынын минимум мазмунун, билим берүүнүн деңгээлдери боюнча даярдоого базалык талаптарды аныктоочу формалдык билим берүүнүн талаптарынын коомдук макулдашылган жыйындысы;

4) мониторинг – айлана-чөйрөдө жана коомдо жүрүп жаткан көрүнүштөрдү жана процесстерди туруктуу байкоо жүргүзүү системасы, алардын жыйынтыктары адамдардын жана экономика объектилерин коргоо боюнча башкаруу чечимдерин негиздөө үчүн колдонулат.

5) билим берүүнүн сапаты – социалдык жана инсандык күтүүлөргө, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, кесиптик стандарттарга жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык билим берүү программаларына шайкештик даражасын чагылдыруучу билим берүү тутумунун, билим берүү уюмунун жана билим алуучунун билим алуудагы жекече жетишкендиктеринин комплекстүү мүнөздөмөсү;

6) билим берүү – адамдын, үй-бүлөнүн, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгында жүзөгө ашырылуучу окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн бирдиктүү максаттуу процесси, ошондой эле алынган билимдердин, көндүмдөрдүн, баалуулуктардын жана компетенциялардын жыйындысы;

7) билим берүү боюнча кызмат көрсөтүү – билим берүү муктаждыктарын канааттандыруу максатында билим берүүгө жана көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган иш-аракеттер;

8) билим берүү программасы – конкреттүү деңгээлдин же адистиктин максатын, милдетин, пландалган жыйынтыктарын, билим берүү процессин уюштурууну аныктоочу конкреттүү деңгээлдеги билим берүүнүн, багыттын же адистиктин мазмуну;

9) билим алуучулардын окуудагы жетишкендиктери – билим берүүнүн аныкталган жаатында билимдин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жана компетенциялардын деңгээлин аныктоо үчүн тесттердин жана баалоонун башка жол-жоболорунун жардамы менен өлчөнүүчү билим берүү программаларын билим алуучулардын өздөштүрүүсүнүн натыйжалары;

10) билим берүү процесси – билим берүү программаларынын мазмунун билим алуучулар өздөштүрүү максатында окутууну, тарбиялоону жана өнүктүрүүнү уюштуруу системасы;

11) билим алуучу – билим берүүнүн бардык деңгээлинде билим берүү программасын өздөштүрүүчү адам;

12) баалоо – окуучулардын билим алуу процессин, алардын этикалык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө, жашоого керектүү компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүүсүнө багытталган таанып-билүү ишмердүүлүгүн өлчөө, чечмелөө жана талдоо процесси, ошондой эле бул ишмердүүлүктүн натыйжаларынын Мамлекеттик жана предметтик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкештигин аныктоо максатында окуучулар, мугалимдер, ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен кайтарым байланышты ишке ашыруу, билим берүүнүн сапатын жакшыртуу;

13) баа – окуучуларды баалоонун натыйжаларынын сандык жана сапаттык чагылдырылышы;

14) педагогикалык кызматкер – тиешелүү кесиптик билими жана квалификациясы бар, билим берүү уюмунда иштеп жаткан, окутуу, тарбиялоо, методикалык, уюштуруучулук, илимий, жетекчилик жана башка билим берүү ишин жүзөгө ашыруучу жеке адам;

15) репрезентативдик тандоо – 6-класстын окуучуларынын жалпы тобунун негизги мүнөздөмөлөрүн (региондор, мектептердин түрү, окутуу тили ж.б. боюнча) чагылдырган, статистикалык жактан негизделген кичинекей топтому.

16) стратификацияланган тандоо – ыктымалдуу тандоонун бир түрү, мында жалпы топ биринчи кезекте ар кандай өз ара бири-бирине дал келбеген бир тектүү кичинекей топторго (страталарга) бөлүнөт, андан кийин ар бир топтон (стратадан) субъект кокустук түрдө тандалып алынат, алар андан кийин бир үлгү түзүү үчүн бириктирилет.

17) квалификациянын деңгээли – кызматкерлердин компетенцияларына карата квалификациялык алкактарда белгиленген жана сыпатталган талаптардын жыйындысы;

18) окуу планы – билим берүүнүн тиешелүү деңгээлиндеги окуу сабактарынын (предметтеринин) тизмегин жана көлөмүн, аларды окуп үйрөнүү тартибин жана контролдоо формаларын регламенттөөчү документ;

19) формалдуу билим берүү – менчигинин түрүнө карабастан, билим берүү уюмдары тарабынан берилүүчү жана мамлекеттик билим берүү стандарттары менен регламенттелүүчү билим берүү;

20) функционалдык сабаттуулук – окуу процесси аркылуу туруктуу түрдө өздөштүрүлгөн билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү адамдардын ар кандай ишмердүүлүк чөйрөлөрүндө, социалдык байланыштарда жана коммуникацияда практикалык жана турмуштук көйгөйлөрдү чечүү үчүн колдонуу жөндөмдүүлүгү;

21) окуу компетенттүүлүгү – жазма тексттерди түшүнүү, колдонуу, мазмунун талдоо жана баалоо жөндөмдүүлүгү, ошондой эле жеке максаттарга жетүү, билимди кеңейтүү жана коомдун жашоосуна катышуу максатында маалымат алмашууга катышуу жөндөмдүүлүгү;

22) экспертиза – билим берүү программаларынын, процесстеринин жана чөйрөсүнүн сапатын жана натыйжалуулугун баалоо процедурасы, ал компетенттүү адистер тарабынан жүргүзүлүп, күчтүү жактарды, өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн жана көйгөйлөрдү аныктоого багытталган, ошондой эле

билим берүүнүн жогорку сапатын камсыз кылуу жана анын максаттарына жетүү үчүн колдонулат.

## III. Программанын максаттары жана милдеттери

6. Программанын негизги максаты – окуучулардын окуу компетенттүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо, бул кийинки билим берүү баскычында ийгиликтүү окуу жана коомго ыңгайлашуу үчүн зарыл болгон негизги компетенттүүлүк болуп саналат.

7. 6-класстын окуучуларынын окуу сабаттуулугуна мониторинг жүргүзүү боюнча Программа башталгыч билим берүү баскычында калыптанган окуу сабаттуулугунун сапаты, ошондой эле окуучулардын жалпы орто билим берүүнүн кийинки баскычтарына ийгиликтүү өтүүгө жана коомго ыңгайлашууга даярдыгын камсыз кылуучу базалык көндүмдөрдүн калыптанышы тууралуу ишенимдүү, толук жана объективдүү маалымат алууга багытталган.

8. Программанын негизги милдеттери:

1) Мамлекеттик жана предметтик билим берүү стандарттарынын, ошондой эле билим берүү программаларынын талаптарынын негизинде 6-класстын окуучуларынын окуу компетенттүүлүгүнө ээ болуу деңгээлин жана алардын билим берүүнүн кийинки баскычтарына өтүүгө даярдык даражасын аныктоо.

2) Окуучулардын билим берүү жетишкендиктерине таасир этүүчү факторлорду аныктоо, анын ичинде окуу пландарынын, билим берүү программаларынын, методикалык материалдардын жана педагогикалык практикалардын белгиленген стандарттарга шайкештигин баалоо, ошондой эле билим берүү технологияларын ишке ашыруунун натыйжалуулугун талдоо.

3) Билим берүүнүн сапатын баалоо боюнча эл аралык изилдөөлөрдүн (PISA, PIRLS, TIMSS жана башка) жыйынтыктары менен улуттук натыйжалардын салыштырмалуулугун камсыз кылуу, аларды туура талдоо, тажрыйба алмашуу жана Кыргыз Республикасында билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган мыкты практикаларды интеграциялоо үчүн шарт түзүү.

4) Билим берүү саясатын өркүндөтүү, окуу пландарын иштеп чыгуу жана тактоо, Мамлекеттик жана предметтик билим берүү стандарттарын, окутуу методикаларын жакшыртуу үчүн ишенимдүү маалыматтарды берүү, билим берүү процессинин сапатын жогорулатуу, негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу жана окуучуларды заманбап коомдо жашоого даярдоо.

5) Окуучулардын билим берүү жетишкендиктеринин улуттук мониторинг системасын калыптандыруу, ал окуучулардын жыйынтыктарынын Мамлекеттик жана предметтик билим берүү стандарттарына, билим берүү программаларына жана окуу пландарына шайкештигин үзгүлтүксүз көзөмөлдөөнү, ошондой эле билим берүү чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөргө ыкчам жооп кайтарууну камсыз кылуу.

6) Билим берүүнүн сапатынын өнүгүү багыттарын узак мөөнөттүү талдоо, стандарттардагы, программалардагы жана методикалык коштоодогу

кемчиликтерди аныктоо, ошондой эле билим берүү саясатын жаңыртуу, педагогикалык кадрларды даярдоону өркүндөтүү жана алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу үчүн маалыматтар базасын түзүү.

7) Педагогикалык кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу программаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын аныктоо, педагогикалык практикалардын сапатын жакшыртуу жана алардын заманбап билим берүү талаптарына шайкештигин камсыз кылуу, билим берүү программаларын натыйжалуу ишке ашырууга жана окуучулардын жогорку жыйынтыктарга жетишүүсүнө өбөлгө түзүү максатында педагогикалык кызматкерлерди даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун абалын талдоо.

## IV. Программанын принциптери

9. Программаны жүргүзүү төмөнкү принциптерге негизделет:

1) Ченемдик укуктук актыларга шайкештик: Окуучулардын окуу сабаттуулугуна мониторинг жүргузүү Программасы Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга шайкеш келет жана жалпы билим берүү чөйрөсүндө маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана пайдалануу тартибин сактайт.

2) Илимдин негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү: Программадагы мониторингдин жана баалоонун бардык жол-жоболору заманбап илимий ыкмаларга негизделген, бул 6-класстын окуучуларынын стандарттарын жана курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, жыйынтыктардын объективдүүлүгүн жана тууралыгын камсыз кылат.

3) Бирдиктүү методологиялык мамилелер: Мониторингдин көрсөткүчтөрү жана критерийлери бирдиктүү методологиялык принциптердин негизинде түзүлөт, бул билим берүү уюмдарынын, региондордун ортосундагы, ошондой эле эл аралык стандарттар жана мыкты тажрыйбалар менен маалыматтарды салыштырууга мүмкүндүк берет.

4) Системалуулук жана үзгүлтүксүздүк: Мониторинг циклдик түрдө (3 жылда бир жолу) так белгиленген этаптар менен жүргүзүлөт, бул окуучулардын негизги компетенттүүлүктөрүнүн жана функционалдык сабаттуулугунун калыптануу динамикасын байкоого мүмкүндүк берет.

5) Баалоонун ачык-айкындуулугу жана көз карандысыздыгы: Маалыматтарды жүргүзүү, иштеп чыгуу жана талдоо процесстери бардык кызыкдар тараптар үчүн ачык, ошол эле учурда баалоо тышкы факторлордун жана административдик кысымдын таасирисиз, объективдүү жүргүзүлөт.

6) Улуттук жана эл аралык стандарттарга шайкештиги: Мониторингдин методикалары, инструментарийи жана көрсөткүчтөрү эл аралык изилдөөлөргө (PISA, PIRLS, TIMSS), ошондой эле мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, предметтик стандарттардын жана окуу программаларынын талаптарына жооп берет.

7) Билим берүү саясатын жакшыртуу үчүн жыйынтыктарды пайдалануу: Мониторингдин маалыматтары Мамлекеттик жана предметтик стандарттарды, окуу программаларын, методикалык материалдарды корректировкалоо, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана билим берүү саясатын өркүндөтүү үчүн гана колдонулат, жеке катышуучуларды дискриминациялоо же жазалоосуз.

8) Билим берүүнү өнүктүрүүнү стратегиялык пландоо: Мониторингдин жыйынтыктары билим берүү системасынын натыйжалуулугун баалоо, реформаларды пландаштыруу жана улуттук деңгээлдеги стандарттарды, программаларды жана окуу пландарын өркүндөтүү үчүн кызмат кылат.

9) Жыйынтыктардын купуялуулугун сактоо жана жеке маалыматтарды коргоо: Мониторингге катышуучулардын жеке маалыматтарын иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтарды коргоо жөнүндөгү мыйзамына ылайык, аларды мыйзамсыз пайдаланууга жол бербестен, катуу тартипте жүргүзүлөт. Мониторингдин жыйынтыктары аналитика жана чечим кабыл алуу үчүн жалпыланган түрдө колдонулат.

## V. Программанын объектилери

10. Программа мониторингди жүргүзүү үчүн билим берүү системасынын төмөнкү объектилерин камтыйт, аларды аныктоо, тандоо жана бекитүү Министрлик тарабынан приоритеттүү милдеттерге, билим берүү системасынын муктаждыктарына жана учурдагы чакырыктарга жараша жүргүзүлөт:

1) Жалпы билим берүү уюмдары: Башталгыч жалпы билим берүү программаларын ишке ашырган уюмдар, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин (УСК), "Мугалим" автоматташтырылган маалыматтык системасынын (АМС "Мугалим") жана (же) "Күндөлүк" автоматташтырылган маалыматтык системасынын маалыматтарына ылайык, мониторинг жүргүзүү, анын ичинде тандалма тестирлөө, анкеталоо, байкоо жана экспертиза жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча билим берүү уюмдарынын репрезентативдүү жана стратификацияланган тандоону камтуу.

2) Билим берүү программалары: Башталгыч жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик жана предметтик стандарттарына, мазмундун жана методдордун актуалдуулугуна, анын ичинде окуучулардын окууга болгон кызыгуусун арттыруу жана предметтер аралык байланыштарды жана билим берүү технологияларын колдонуу (индикаторлор: окуучулардын окууга болгон кызыгуусунун деңгээли, предметтер аралык байланыштарды жана билим берүү технологияларын колдонуу) шайкештигин баалоо.

3) Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясы: Мугалимдердин даярдыгынын деңгээлин, алардын квалификацияны жогорулатууга катышуусун, ошондой эле педагогикалык жүктүн билим берүү стандарттарына жана программаларына шайкештигин талдоо жана баалоо.

4) Материалдык-техникалык база: Окуу класстарынын жабдылышын, окуу материалдарынын, санариптик ресурстардын бар экендигин жана окуучулар үчүн заманбап жабдуулардын жеткиликтүүлүгүн талдоо.

5) Окуунун натыйжалары: Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин жана аттестациялоо натыйжаларын талдоо, окуучулардын окуу сабаттуулугу сыяктуу негизги компетенттүүлүктөрүн калыптандырууну баалоо, стандартташтырылган куралдарды жана критерийлерди колдонуу менен (индикаторлор: окуу деңгээли, текстти түшүнүү, маалыматты ар кандай контексттерде колдонуу жөндөмдүүлүгү).

6) Окуучулардын практикалык даярдыгы: Практикалык сабактардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн, ошондой эле билимдеринин жетишкендерин реалдуу шарттарда колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн баалоо.

7) Окуучулардын экологиялык багыттары ("жашыл көндүмдөр"): Стандартташтырылган анкеталар жана кырдаалдык тапшырмалардын негизинде экологиялык жоопкерчиликтин деңгээлин, жаратылышка болгон баалуулук мамилени жана экологиялык жактан жоопкерчиликтүү жүрүм-турумга даярдыгын баалоо.

8) Окуучулардын билим алууну улантууга даярдыгы: Алардын мектеп билим берүүнүн кийинки баскычтарында билим алууну улантууга даярдыгын жана кийинки билим берүү процессине ыңгайлашуусун мониторинг жүргүзүү.

9) Ата-энелердин жана окуучулардын канааттануусу: Билим берүү уюмдарындагы билим берүүнүн сапаты, окуу материалдары, окутуу жана окуу шарттары жөнүндө ата-энелердин жана окуучулардын сурамжылоосу.

10) Билим берүүнүн сапатын камсыздоо тутумунун натыйжалуулугу: Билим берүүнүн сапатын контролдоо механизмдеринин бар экендигин жана иштешин баалоо, анын ичинде билим берүү уюмдарынын өзүн-өзү баалоосу жана окуу программаларын үзгүлтүксүз кайра кароо.

11) Эл аралык тажрыйбалар: Билим берүүнүн сапаты боюнча маалыматтарды эл аралык изилдөөлөр жана ыкмалар менен салыштыруу, билим берүү стандарттарынын жана программаларынын эл аралык талаптарга шайкештигин талдоо.

12) Билим берүү процессин уюштуруу: Окуу жүктөмүн, санариптик платформалардын жеткиликтүүлүгүн, инклюзивдик чөйрөнү жана билим берүү процессинде санитардык ченемдердин сакталышын баалоо.

13) Эл аралык жана улуттук рейтингдер: Билим берүү уюмдарынын билим берүүнүн сапаты боюнча улуттук жана эл аралык рейтингдердеги ордун баалоо.

14) Аккредитация: Билим берүү уюмдарынын жана программаларынын мамлекеттик талаптарга ылайык аккредитациялоо натыйжаларын баалоо.

15) Инклюзивдүүлүк: өзгөчө билим алуу муктаждыктары бар балдар үчүн баалоо жүргүзүү шарттарын камсыздоо.

16) Билим берүү процессинин факторлору: Окуучулардын инсандык өнүгүүсү жана окуу процессине катышуусу үчүн шарттарды камтыган, билим берүүнүн сапатына таасир этүүчү башка факторлорду баалоо.

11. Министрлик жылдык жана/же узак мөөнөттүү пландаштыруунун алкагында, билим берүү чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдү эске алуу менен, объектилердин тизмесине өзгөртүү киргизүүгө жана мониторингдин кошумча объектилерин аныктоого укуктуу.

## VI. Программаны ишке ашыруу тартиби

12. Программаны ишке ашырууну координациялоону жана жалпы жетекчиликти Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги (мындан ары – Министрлик) жүзөгө ашырат, ал эми анын практикалык уюштуруу боюнча функциялары Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаментине (мындан ары – Департамент) жүктөлөт.

13. Программаны ишке ашырууну стратегиялык жактан жетектеп туруу максатында Министрликтин алдында Улуттук координациялык кеңеш түзүлөт.

14. Көз карандысыз эксперттерди же уюмдарды аныктоо үчүн Министрлик Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү мыйзамдарына ылайык сатып алуу процедураларын жүргүзөт.

15. Пилоттук жана негизги мониторингди өткөрүү графиги Министрликтин буйругу менен аныкталат жана бекитилет. Мониторинг жалпы билим берүү уюмунун окуу тилинде жүргүзүлөт.

16. Мониторингди өткөрүү мезгилдүүлүгү үч жылда бир жолудан кем эмес болуп белгиленет.

17. Мониторинг маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана талдоо үчүн санариптик инструментти колдонуу менен, анын ичинде онлайн-анкеталоо, маалыматтарды каттоонун электрондук формалары жана автоматташтырылган отчеттук системалары аркылуу жүргүзүлөт.

18. Мониторингдин инструментинин курамына төмөнкүлөрдөн турат:

- окуучулар үчүн стандартташтырылган тесттер жана анкеталар;
- педагогикалык жана административдик кызматкерлер, ошондой эле ата-энелер үчүн анкеталар жана сурамжылоолор;
- билим берүү программаларын жана шарттарын эксперттик баалоо формалары;
- маалыматтарды иштеп чыгуу, талдоо жана визуалдаштыруу үчүн санариптик шаблондор.

19. Мониторингдин методологиясы илимий негиздүүлүк, ишенимдүүлүк, валиддүүлүк жана жыйынтыктардын салыштырмалуулугу принциптерине негизделет.

20. Мониторинг жүргүзүү үч этаптан (блоктон) турат:

20.1. Даярдоо этабы:

- мониторингди пландоо;
- тандоону жана инструменттерди түзүү;
- мониторингдин катышуучуларын уюштуруу-методикалык жактан даярдоо.

20.2.Негизги этап:

- маалыматтарды чогултуу;

− алынган маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо;
− жыйынтыктарды баалоо жана корутундуларды түзүү.

20.3. Аналитикалык-башкаруу этабы:
− мониторингдин жыйынтыктары боюнча аналитикалык отчетту даярдоо;
− сунуштамаларды иштеп чыгуу;
− сунуштамалардын аткарылышын контролдоо жана башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн жыйынтыктарды пайдалануу.

21. Программаны ишке ашыруу ушул Жобонун 20-пунктунда белгиленген этап-этабы менен түзүлгөн структурага ылайык жүзөгө ашырылат жана 6-класстардын окуучуларынын окуу сабаттуулугун системалуу мониторинг жүргүзүүнү, ошондой эле улуттук жана регионалдык деңгээлдерде башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн ишенимдүү аналитикалык базаны түзүүнү камсыз кылууга багытталат.

22. Даярдоо этабынын мазмуну. Мониторингдин даярдоо этабынын алкагында төмөнкү иш-чаралар жүргүзүлөт:

22.1. Мониторингдин объектилерин (билим берүү уюмдары, билим берүү программалары, катышуучулардын категориялары) ушул Жобонун V-бөлүмүнө ылайык аныктоо.

22.2. Төмөнкүлөрдү иштеп чыгуу жана бекитүү:
− мониторинг жүргүзүү боюнча иш-чаралардын жылдык планы;
− техникалык тапшырма;
− каржылык чыгымдардын сметасы, анын ичинде көз карандысыз уюмдарды (эксперттерди) аныктоо.

22.3. Ушул Жобонун 1-тиркемесинде келтирилген Программанын критерийлерин жана индикаторлорун колдонуу жана зарыл болгон учурда Министрлик тарабынан кайра бекитүү.

22.4. Мониторингдин жыйынтыктарынын көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу жана бекитүү.

22.5. Мониторингдин инструментин иштеп чыгуу, экспертизадан өткөрүү жана макулдашуу (методикалык жетекчилик, тесттер, анкеталар, сурамжылоолор, чек-барактар, байкоо формалары, эксперттик методикалар, мониторинг процессин документтештирүү - протокол формалары, анын ичинде маалыматтардын купуялуулугу, тестирлөө жана анкеталоо, байкоо, экспертиза, этикалык стандарттарды сактоо, отчет жана сунуштамалар, мониторинг маалыматтарын жүктөө, маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо, маалыматтарды корректировкалоо, маалыматтарды салыштыруу, маалыматтарды верификациялоонун жыйынтыктары, отчеттуулукту берүү, маалыматтарды аудит жүргүзүү (алардын ишенимдүүлүгүн жана стандарттарга шайкештигин камсыз кылуу үчүн маалыматтарды көз карандысыз текшерүү).

22.6. Улуттук команданы түзүү жана маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана жооптуу адамдарды дайындоо.

22.7. Пилоттук жана негизги мониторингди өткөрүү мөөнөттөрүн, ошондой эле иш-чаралардын календарлык планын бекитүү.

23. Мониторингдин негизги этабынын мазмуну. Мониторингдин негизги этабы маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана алгачкы анализдөө процедураларын ишке ашырууну камтыйт.

23.1. Төмөнкүлөрдүн аткарылышы камсыздалат:

- бекитилген инструментти колдонуу менен тестирлөө, анкеталоо, сурамжылоо жана (же) фокус-группалар;
- репрезентативдик жана стратификацияланган тандоолор боюнча пилоттук жана негизги мониторинг.

23.2. Координаторлорду, эксперттерди жана адистерди окутууну камтыган, мониторингге тартылган кадрларды даярдоо жүзөгө ашырылат.

23.3. Бирдиктүү формаларда сандык жана сапаттык маалыматтарды чогултуу, каттоого алуу жана верификациялоо жүргүзүлөт.

23.4. Мониторингдин катышуучуларынын жеке маалыматтарын купуялуулук жана коргоо талаптарынын сакталышы камсыздалат.

23.5. Маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо**.** Негизги этаптын алкагында төмөнкүлөрдү камтыган маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо жүргүзүлөт:

24. Алынган маалыматтардын аныктыгын, толуктугун жана салыштырмалуулугун текшерүү, анын ичинде:

24.1. Алынган көрсөткүчтөр, критерийлер жана билим берүүнүн сапаттык деңгээлдери боюнча мониторингдин жыйынтыктарын талдоо.

24.2. Мониторингдин жыйынтыктарын мамлекеттик билим берүү стандарттары, предметтик стандарттар жана эл аралык мамилелер менен салыштыруу.

24.3. Билим берүүнүн натыйжаларындагы кемчиликтерди, билим берүү процессиндеги кемчиликтерди жана тобокелдиктерди аныктоо.

25. Мониторингдин аналитикалык-башкаруучулук этабы. Аналитикалык-башкаруучулук этап мониторингдин жыйынтыктарын чечмелөөгө жана алынган маалыматтарды билим берүү системасын өркүндөтүү үчүн пайдаланууга багытталат:

25.1. Мониторингдин жыйынтыктарын эксперттик баалоо жана эксперттик корутундуларды даярдоо жүргүзүлөт.

25.2. Эл аралык изилдөөлөрдүн (PISA, PIRLS ж.б.) маалыматтары менен мониторингдин жыйынтыктарын салыштырмалуу талдоо жүргүзүлөт.

25.3. Төмөнкүлөр боюнча корутундулар жана сунуштар түзүлөт:

- билим берүү программаларын корректировкалоо;
- окутуу методикаларын өркүндөтүү;
- окуучулардын окуу сабаттуулугун өнүктүрүү.

26. Отчет даярдоо жана сунуштардын аткарылышын контролдоо. Мониторингдин жыйынтыгы боюнча төмөнкүлөр жүргүзүлөт:

26.1. Жыйынтыктоочу таблицаларды, графиктерди жана электрондук маалымат базасын камтыган аналитикалык отчетту даярдоо.

26.2. Мониторингдин жыйынтыктарын жарыялоо жана аларды кызыкдар тараптарга жеткирүү.

26.3. Билим берүү уюмдары тарабынан сунуштардын аткарылышын мониторинг жүргүзүү.

26.4. Сунуштарды ишке ашыруунун натыйжасында болгон өзгөрүүлөрдү талдоо.

26.5. Методологияны жана кийинки мониторингдердин пландарын оңдоо боюнча сунуштарды даярдоо.

## VII. Программаны уюштуруу жана өткөрүү үчүн жооптуу органдардын жана уюмдардын укуктары жана милдеттери

27. Мониторинг төмөнкүлөрдүн катышуусунда жүргүзүлөт: (1) Мониторингди өткөрүүнү жалпы жетектеген, координациялаган жана контролдогон ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болгон Министрлик; (2) Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин түзүмдүк бөлүмү болгон Билим берүү сапатын өнүктүрүү департаменти (мындан ары - Департамент) - мониторинг процедураларын уюштурууну, методикалык коштоону жана координациялоону камсыз кылат; (3) билим берүү программаларын ишке ашырган жана белгиленген тартипте репрезентативдик тандоо боюнча мониторингге тартылган жалпы билим берүү уюмдары; (4) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана Министрликтин ченемдик документтерине ылайык, пилоттук жана негизги мониторингти уюштуруу жана өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүү үчүн сатып алуу процедурасынын негизинде тандалып алынган көз карандысыз уюмдар/эксперттер.

28. Министрлик мониторингди уюштуруу жана жалпы жетекчилик боюнча төмөнкү функцияларды аткарат:

1) Мониторингди өткөрүү тартибин аныктаган пландарды, графикти жана негизги документтерди бекитет;

2) Кыргыз Республикасынын аймагында мониторингди өткөрүү процесстерин жалпы жетектейт жана координациялайт, ведомствого караштуу түзүмдөрдүн ишин координациялайт жана мониторинг маселелери боюнча ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат;

3) Көз карандысыз мониторинг системасын өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө багытталган стратегиялык чечимдерди кабыл алат;

4) Мониторингди өткөрүүгө тартылган көз карандысыз уюмдарды/эксперттерди аныктоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик сатып алууларды жүргүзөт;

5) Мониторинг иш-чараларынын каржылоосун камсыз кылат жана белгиленген тартипте анын булактарын аныктайт;

6) Тышкы баалоону өткөрүү тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын сакталышын контролдойт;

7) Мониторингдин максаттарына жетүү үчүн мамлекеттик органдар, билим берүү уюмдары, эл аралык өнөктөштөр жана башка кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүүнү уюштурат.

29. Департаментке төмөнкү милдеттер жүктөлөт:

1) Мониторингдин планынын, графигинин жана негизги документтеринин долбоорлорун иштеп чыгат жана Министрликтин кароосуна жана бекитүүсүнө сунуштайт.

2) Техникалык тапшырманын долбоорун жана каржылык эсептөөлөрдү, анын ичинде методикалык, уюштуруучулук жана календардык талаптарды камтыган долбоорду иштеп чыгат, Министрликтин кароосуна жана бекитүүсүнө сунуштайт.

3) Өз компетенциясынын чегинде тышкы баалоону өткөрүү процесстерин жетектейт жана координациялайт, ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү жана көз карандысыз уюмдардын/эксперттердин ишин координациялоону камсыз кылат.

4) Мониторингдин жыйынтыгы боюнча көз карандысыз уюм тарабынан берилген маалыматтарды кабыл алат, системага салат жана талдайт, жыйынтыктоочу маалымат базасын түзөт.

5) Тышкы баалоонун автоматташтырылган маалыматтык системасын жүргүзөт жана актуалдаштырат; зарыл болгон учурда электрондук платформаларды жана программалык чечимдерди иштеп чыгууну демилгелейт.

6) Маалыматтарды чогултуунун, талдоонун жана визуалдаштыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн санариптик инструментти иштеп чыгат жана колдонот.

7) Мониторингдин бардык катышуучулары үчүн окутууну уюштурат жана өткөрөт.

8) Жалпы билим берүүнүн сапатын талдоо үчүн мониторингдин жыйынтыктарын колдонот.

9) Тестирлөөнүн объективдүүлүгүн, ишенимдүүлүгүн жана репрезентативдүүлүгүн сактоону камсыз кылат.

10) Маалымат чогултуу процедураларына методикалык коштоону жана сапатты контролдоону жүзөгө ашырат.

11) Эл аралык стандарттарды эске алуу менен мониторингдин ченемдик базасын жана методикаларын өркүндөтөт.

12) Мониторингдин жыйынтыктары боюнча сунуштамаларды иштеп чыгат жана отчетторду жарыялайт.

13) Эл аралык стандарттарды жана технологияларды эске алуу менен мониторингдин куралдарын, методикаларын жана процедураларын иштеп чыгат жана (же) ылайыкташтырат, алардын актуалдуулугун көзөмөлдөйт жана зарыл болгон учурда өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизет, иштеп чыккан (улуттук) же ылайыкташтырылган (эл аралык) баалоо куралдарынын негизинде пилоттук (апробациялык) мониторинг жүргүзүүгө укуктуу.

14) Мониторингдин архивдик документтерин жана материалдарын белгиленген тартипте сактоону жана системага салууну камсыз кылат.

30. Департаментке төмөнкү функциялар жүктөлөт:

1) Министрликтен, мониторинг кызматтарын көрсөтүү үчүн Министрлик тарабынан аныкталган көз карандысыз уюмдан/эксперттен, билим берүү

уюмдарынан жана мониторингдин катышуучуларынан керектүү маалыматтарды суроого жана алууга.

2) Мониторингдин айрым этаптарын жүргүзүү үчүн көз карандысыз эксперттерди тартууга.

3) Мониторингди өркүндөтүү үчүн изилдөөлөрдү жана аналитикалык иштерди демилгелөөгө.

4) Мониторинг маселелери боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгууга.

5) Мониторингдин автоматташтырылган маалыматтык системаларына кирүү мүмкүнчүлүгүн ишке ашырууга жана катышуучуларга кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга.

6) Сертификаттарды берүү, анын ичинде мониторинг маселелери боюнча окутууларды жана консультацияларды өткөрүүгө.

7) Мониторинг системасын жана аналитикалык потенциалды өнүктүрүү боюнча сунуштарды киргизүүгө.

8) Эл аралык уюмдар жана эксперттер менен өз ара аракеттенүүгө.

9) Маалыматтарды иштеп чыгуу, чечмелөө жана визуалдаштыруу үчүн санариптик инструментти жана технологияларды колдонууга.

31. Министрлик тарабынан сатып алуу процедуралары аркылуу аныкталган көз карандысыз уюмга/экспертке, техникалык тапшырманын жана келишимдик милдеттенмелердин талаптарына ылайык мониторинг жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүү үчүн төмөнкү милдеттер жана функциялар жүктөлөт:

31.1. Уюштуруу-методикалык функциялар:

31.2. Министрликке жана Департаментке макулдашууга мониторинг жүргүзүү планын иштеп чыгат жана сунуштайт, ага төмөнкүлөр кирет:

1) УСК, "Мугалим" АИС, "Күндөлүк" АИС маалыматтарынын негизинде жалпы билим берүү уюмдарынын бардык тобуна жыйынтыктарды жалпылоого мүмкүндүк берген репрезентативдик тандоо аркылуу аныкталган мониторинг объектилери болгон жалпы билим берүү уюмдарынын тизмеси.

2) Репрезентативдик тандоого кирген билим берүү уюмунун маалыматтарынан стратификацияланган тандоо аркылуу аныкталган мониторинг объектилери болгон катышуучулардын (билим берүү процессинин субъекттеринин) категорияларынын тизмеси.

3) Министрлик тарабынан аныкталган, баалоого тийиш болгон окуучулардын билим берүүнүн интеграцияланган өнүгүү чөйрөлөрү (билим берүү чөйрөлөрү, предметтер) жана билим алуудагы жетишкендиктери.

4) Министрлик тарабынан аныкталган, мониторингге камтылган билим берүүнүн деңгээлдери жана баскычтары.

31.3. Тандалма тестирлөөсүн жүргүзүүнүн илимий жактан негизделген методологиясын камсыз кылат, анын ичинде төмөнкүлөрдү:

1) Тандоо топтому жана репрезентативдүүлүк принциптери;

2) Ченөө, шкала киргизүү жана жыйынтыктарды интерпретациялоо методикалары;

3) Мониторинг процедураларынын объективдүүлүгүн, валиддүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча ыкмаларды аныктайт.

31.4. Төмөнкүлөрдү камтыган ченөө инструментин иштеп чыгат же ылайыкташтырат:

1) Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык маалымат чогултуунун методикасы, көрсөткүчтөрү, индикаторлору жана формалары;

2) Тесттик тапшырмалар, диагностикалык материалдар, анкеталар жана маалымат чогултуунун башка инструменти;

3) Баалоо критерийлери жана коддоо схемалары;

4) Тестирлөө администраторлору үчүн нускамалар.

31.5.Техникалык жана технологиялык функциялар:

1) Мониторингдин жыйынтыгында Департаментке берилүүчү маалыматты топтоо, сактоо жана алгачкы иштеп чыгуу үчүн зарыл болгон маалымат базаларын түзөт жана алардын иштешин камсыз кылат.

2) Төмөнкүлөрдү камсыз кылган программалык камсыздоолорду жана инструментти иштеп чыгат же колдонот:

- Тестирлөөнү жүргүзүү;
- Маалыматтарды киргизүү, текшерүү, коддоо жана иштеп чыгуу;
- Маалыматтарды коргоо жана маалыматтык коопсуздук талаптарын сактоо;
- Мониторинг учурунда алынган маалыматтардын аныктыгын камсыз кылат.

31.6.Уюштуруу-процедуралык функциялар:

1) Пилоттук жана/же негизги мониторингди уюштурууну жана координациялоону камсыз кылат, анын ичинде:

- Администраторлорду даярдоо жана аларга нускама берүү;
- Процедураларды жүргүзүү боюнча технологиялык карталарды иштеп чыгуу жана сактоо;
- Бардык пилоттук жана негизги аянтчаларда мониторингди жүргүзүүнүн бирдиктүү стандарттарын сактоону контролдоо.

2) Календардык график, мөөнөттөр жана этаптарды иштеп чыгат, Департамент менен макулдашкандан кийин Министрликтин бекитүүсүнө берет, алардын аткарылышын камсыз кылат.

3) Репрезентативдүүлүк, объективдүүлүк, ишенимдүүлүк жана коопсуздук талаптарына ылайык келген белгиленген процедураларды сактоону камсыз кылат.

31.7.Талдоо жүргүзүү функциялары:

1) Техникалык тапшырмада белгиленген талаптарга ылайык чогултулган маалыматтарды талдайт, иштеп чыгат жана чечмелейт.

2) Жыйынтык маалымат базаларын, өлчөөлөрдүн сапаты жана жарактуулугу жөнүндө отчетторду, методикалык түшүндүрмөлөрдү, билим берүүнүн деңгээлдери, өнүгүү чөйрөлөрү жана билим берүүнүн сапатынын негизги көрсөткүчтөрү боюнча аналитикалык отчетторду камтыган талдоо материалдарды даярдайт.

3) Зарыл болгон учурда билим берүүнү өнүктүрүү индикаторлорун, билим берүү жетишкендиктеринин динамикасын жана башка көрсөткүчтөрдү эсептөөнү камсыз кылат.

31.8.Отчеттук жана коммуникациялык функциялары:

1) Техникалык тапшырма жана календардык план тарабынан белгиленген көлөмдө, формада жана мөөнөттөрдө мониторингдин жыйынтыктарын Департаментке берет.

2) Мониторингдин жыйынтыктарын, инструментти, баштапкы жана персоналдык белгилери алынып салынган маалыматтарды, отчетторду жана сунуштарды, анын ичинде жыйынтыктоочу аналитикалык отчетту, куралдарды жана методикалык материалдарды, баштапкы жана иштетилген маалыматтарды жана мониторингдин жыйынтыктарын мындан ары пайдалануу боюнча сунуштарды Департаментке өткөрүп берет.

3) Министрликтин жана (же) Департаменттин чакыруусу боюнча жумушчу жыйындарга, консультацияларга жана мониторингдин жыйынтыктарын талкуулоого катышат.

31.9. Аткаруунун сапатын камсыздоо функциялары:

1) Этикалык ченемдердин, жеке маалыматтардын купуялуулугунун, маалыматтык коопсуздуктун талаптарынын сакталышын камсыз кылат.

2) Мониторингдин бардык процедураларын жүргүзүүдө кызыкчылыктардын кагылышуусунун жоктугун жана көз карандысыздык принцибинин сакталышын кепилдейт.

3) Мониторинг жүргүзүүнүн бардык этаптарынын ички сапаттык контролун ишке ашырат жана берилген маалыматтардын аныктыгы жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

31.10. Жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн көз карандысыз уюм/эксперт төмөнкүлөргө укуктуу:

1) Министрликтен, Департаменттан жана жалпы билим берүү уюмдарынан маалыматтарды жана документтерди суроого.

2) Жалпы билим берүү уюмдары жана дайындалган жооптуу адамдар менен өз ара аракеттенүүгө.

3) Мониторингдин методологиясын, методикасын жана инструменттерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө.

4) Техникалык тапшырманын жана келишимдин алкагында мониторингдин методдорун жана инструменттерин аныктоого.

5) Техникалык тапшырмада каралган маалыматтык системаларга жана ресурстарга кирүүгө.

6) Мониторингдин айрым этаптарын жүргүзүү үчүн адистерди жана эксперттерди тартууга.

7) Мониторинг процедураларын сактоо үчүн шарттарды талап кылууга (объективдүүлүк, коопсуздук, репрезентативдүүлүк).

8) Техникалык тапшырма боюнча Министрликтен жана Департаменттен тактоо алууга.

9) Жыйындарга жана талкууларга, презентацияларга катышууга.

10) Өзүнүн методикалык чечимдерин коргоого жана колдонулган ыкмалардын негиздемелерин берүүгө.

32. Райондук/шаардык билим берүү башкармалыктары/бөлүмдөрү төмөнкү функцияларды аткарат:

1) Жалпы билим берүү уюмдары, мониторинг жүргүзүүчү уюмдар/эксперттер менен өз ара аракеттенүү аркылуу жер-жерлерде мониторингди өткөрүүнү логистикалык жактан камсыздоо жана контролдоо.

2) Жалпы билим берүү уюмдары менен биргелешип талдоо жүргүзүү үчүн район/шаар боюнча жалпыланган маалыматтарды колдонуу.

3) Мониторинг учурунда аныкталган көйгөйлөрдү жоюу максатында мугалимдер үчүн семинарларды өткөрүүнү ишке ашыруу.

33. Тандоого кирген жалпы билим берүү уюмдары мониторинг жүргүзүү учурунда төмөнкү милдеттерди жана функцияларды аткарат:

1) Департамент, мониторинг жүргүзүүчү адистер жана эксперттер менен өз ара аракеттенүү үчүн жооптуу адамдарды дайындоо.

2) Анкеталоо жана тестирлөө үчүн так маалыматтарды берүү.

3) Даярдоо семинарларына жана окутуу иш-чараларына катышуу.

4) Билим берүү процессинин субъекттеринин (окуучулар, мугалимдер, бүтүрүүчүлөр, ата-энелер) мониторингге катышуусун уюштуруу.

5) Мониторингди өткөрүүнүн коопсуздугун камсыздоо.

6) Билим берүү программаларын жана ички сапатты камсыздоо тутумун өркүндөтүү үчүн мониторингдин жыйынтыктарын колдонуу.

34. Репрезентативдүү тандоого алынган жалпы билим берүү уюмдарынын укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) Мониторинг жүргүзүүнүн максаттары, ыкмалары жана мөөнөттөрү жөнүндө маалымат алуу.

2) Департаменттен мониторингдин жыйынтыктары боюнча сунуштарды жана аналитикалык материалдарды алуу.

3) Мониторингдин методологиясы жана жол-жоболору боюнча Департаменттен тактоо талап кылуу.

4) Мониторингдин жыйынтыктарынын негизинде билим берүү программаларын жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү.

35. Улуттук координациялык кеңештин курамы, түзүү тартиби жана иштөө регламенти Министрликтин буйругу менен бекитилет.

36. Улуттук координациялык кеңеш төмөнкү функцияларды аткарат:

1) Программаны ишке ашырууга стратегиялык жетекчилик кылуу, анын негизги багыттарын, милдеттерин жана артыкчылыктарын бекитүү;

2) Улуттук жана регионалдык деңгээлдерде Программанын бардык катышуучуларынын аракеттеринин шайкештигин камсыз кылуу;

3) Мониторинг процедураларынын сапатын жана улуттук жана эл аралык стандарттарга шайкештигин контролдоо;

4) Мониторингдин жыйынтыктарын кароо жана талдоо, көйгөйлүү аймактарды аныктоо жана билим берүү саясатын, стандарттарды, окуу пландарын жана методикалык материалдарды коррекциялоо үчүн сунуштарды даярдоо;

5) Илимий уюмдар, педагогикалык адистиктерди ишке ашырган жогорку окуу жайлар, көз карандысыз эксперттер жана эл аралык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүнү координациялоо;

6) Сунуштарды билим берүү практикасына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана окуу программаларына киргизүүнү контролдоо;

7) Мониторингдин жыйынтыктары боюнча улуттук отчетторду карроо жана бекитүү, аларды Министрликке жана башка кызыкдар органдарга сунуштоо;

8) Мониторинг жүргүзүүдө окуучулардын жеке маалыматтарын этикалык нормаларга жана купуялуулукка ылайык камсыз кылуу.

## VIII. Көзөмөл жана жоопкерчилик

37. Ушул Жобонун аткарылышына жана Программанын процедураларынын сакталышына көзөмөлдү Министрлик жүргүзөт, ошондой эле өз компетенциясынын чегинде Департамент тарабынан координацияланат.

38. Мониторингдин катышуучуларынын милдеттерин тийиштүү эмес аткаргандыгы үчүн тартиптик жана административдик жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү уюмдарга же кызматкерлерге жүктөлөт.

39. Көз карандысыз уюм/эксперт Департаментке берилген маалыматтардын аныктыгы, толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

40. Билим берүү уюмдары мониторингди өткөрүү шарттарын камсыз кылуу, берилген маалыматтардын аныктыгы жана нускамаларды аткаруу үчүн жоопкерчилик тартат.

## IX. Каржылык жана материалдык-техникалык жоболор

41. Программаны ишке ашырууга сарпталуучу чыгымдар Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган үчүн каралган каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана келишимдик милдеттенмелерде белгиленген чектөөлөрдүн алкагында башка каржылоо булактарын тартууга жол берилет.

42. Программаны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык камсыздоо (анын ичинде электрондук жабдуулар, программалык чечимдер жана автоматташтырылган системалар) Билим сапатын өнүктүрүү департаменти же Министрликтин Техникалык тапшырмасынын талаптарына ылайык көз карандысыз уюм/эксперт тарабынан камсыздалат.

43. Каражаттарды сарптоо жана материалдык-техникалык, программалык ресурстарды пайдалануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген каржылык жана бухгалтердик эрежелерге ылайык, Программанын максаттарын жана милдеттерин эске алуу менен ишке ашырылат.

## X. Корутунду жоболор

44. Ушул Жобо Министрликтин буйругу менен расмий бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.